| | |
|---|---|
| Чуй облусу: | |
| Жайыл району: | |
| Мектеби: Жеништин 60жылдыгы атындагы Петропавловка: | |
| Мугалимдин аты жөнү: Абдыжусупова Жыпаркул.Ажыкеевна. | |
| Предмети: Адабий окуу. | |
| Сабактын темасы: «Байчечекей.» | |
| Сабактын тиби: Аралаш. | |
| Сабактын формасы: жекече, топтордо иштөө. | |
| Колдонулуучу ыкма: «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси» стратегиясы. | |
| Сабактын жабдылышы: окуу китеби, иш дептери, сүрөттөр, ТСО, таркатмалар. | |
| Предмет аралык байланыш: музыка, көркөм өнөр, кыргыз тил,мекен таануу | |
| Негизи компетенттүүлүктөр:<br>1. Маалыматтык<br>2. Социалдык – коммуникативдик<br>3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү. | Предметтик компетенттүүлүктөр.<br>1. Жаңы маалыматты кабыл алуу компетенттүүлүгү ПК1.<br>2. Туура окуй алуу компетенттүүлүгү ПК2.<br>3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү ПК3.<br>4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу ПК4.<br>5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү ПК5. |

**Сабактын максаттары**

| № | (Окуучулар үчүн күтүлүүчү найтыйжалар) | Көрсөткүчтөр, натыйжалар. |
|---|---|---|
| 1. | Билим берүүчүлүк: Уламыш жөнүндө маалымат алышат. Байчечекей уламышынын мазмунун түшүнүшөт. Чыгарманын каармандарын аташат. Жаңы сөздөр менен таанышышат (чечекей, думана, табып) | Уламыш жөнүндө маалымат алышса. Байчечекей уламышынын мазмунун түшүнүшсө. Чыгарманын каармандарын аташса. Жаңы сөздөр боюнча маалымат алышса. |
| 2. | Өнүктүрүүчүлүк: «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси» стратегиясы менен топтордо иштешет. Аткарган иштерин презентациялашат. Баалоо баракчасын толтурушат. | «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси» стратегиясы менен топтордо иштей алышса. Аткарган иштерин презентациялай алышса. Баалоо баракчасын толтура алышса. |
| 3. | Тарбия берүүчүлүк: Сабакта бири-бирине жардамдаша билүүгө, уга билүүгө тарбияланышат. | Сабакта бири-бирине жардамдаша билишсе. Бири-биринин оюн уга билишсе. |

## Сабактын жүрүшү

| № | Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компет. | Компет. | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу | 3 мин | Саламдашат. Жагымдуу маанай тартуулайт. Топторго бөлөт. Алтын эрежени эске салышат. | Саламдашышат. Бири-бирине жагымдуу маанай тартуулашат. Топторго бөлүнүшөт | НК1 | | |
| 2. | Өтүлгөн теманы кайталоо | 2 мин | -Бөлүм боюнча кайталоо.<br>1. Келгиле, мелдешебиз! Ким туура жана тез жооп айта алат?<br>- Аюу баласы кандай аталат?<br>- Түлкүнүн баласычы? | Окуучулар тездик менен суроолордун жообун айтышат.<br>- Аюу баласы - мамалак<br>- Түлкү баласы – бачики. ж.б. | | ПК3 | |
| 3. | Жаңы теманы өтүү. | 2 мин | - Мугалим сабактын темасын суроолорду узатуу менен окуучуларга таптырат.<br>- Кана балдар, айткылачы?<br>- Кыш кеткенде жаз келет, жаз алдында эң алгачкы ачылган гүл<br>- Бул кайсы гүл?<br>- Азаматсыңар!<br>Бүгүнкү сабагыбыздын темасы «Байчечекей деп аталат» | Окуучулар мугалим багыттап айткан суроолор боюнча болжолдуу жоопторду айтышат<br>- Байчечекей<br>- Жоогазын<br>- Каакым<br>Ар тараптуу жоопторду айтуу менен сабактын темасы «Байчечекей» экендигин аныкташат. | НК1<br>НК2 | ПК1<br>ПК2 | |
| | Сабактын максаты: Күтүлүүчү натыйжа | 2 мин | Бүгүнкү сабагыбызда уламыш жөнүндө маалымат аласыңар. Чыгарманы терең изилдеп чыгасыңар. Окурмандардын пикирлеринин тизмеси менен топтордо иштейсиңер. Аткарган | Уламыш жөнүндө маалымат алса. Чыгарманы терең изилдей алышса. «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси» стратегиясы менен топтордо иш алып | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | иштериңерди ар кандай форматта көрсөтө аласыңар. Баалоо баракчаларын толтурасынар. | барышса. Аткарган иштерин ар кандай форматта көрсөтө алышса. Баалоо баракчаларын толтурушса. | | | |
| | Сөздүк ишин жүргүзүү.<br><br>Чыгарманын мазмуну.<br><br>Баалоо критерийи. | 2 мин | 1. Чечекей<br>2. Думана<br>3. Табып<br><br>- Балдар, уламыштын мазмунун түшүнүү менен жооп берип, өзүңөрдүн алдыңардагы баалоо баракчасын толтурасыңар | - Окуучулар болжолдуу жоопторду айтуу менен сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт.<br>- Окуучулар уламыш боюнча түшүнүп, аткарган иштерине жараша баалоо баракчаларын толтурушат. | НК1<br><br>НК1 | ПК1 | |
| 4. | Жаңы өздөштүрүлгөн материалды түшүндүрүү, Бышыктоо, кайталоо | 10 мин | Окуучулар 3 кадам менен иштешет.<br>1-кадам.<br>Китеп менен иштоо. (Мугалим аудио уктуруу кылат) аялдамалардан токтоо менен кайтарым байланыш жүргүзөт.<br>- Балдар, окуя эмне жөнүндө болуп жатат?<br>- Мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар?<br>2-кадам.<br>Сүрөттөр боюнча тексттен цитата келтирип окутуу.<br>3-кадам<br>Топтордо «Окурмандардын пикирлеринин тизмеси»боюнча тандап алган варианттарынын үстүндө иштетет. Өз ишинин натыйжасын кандай жолдордо, форматта көрсөтсө боло | 1.Текстти кунт коюп угуп, кайтарым байланыш жасашат. Болжолдуу жоопторду айтышат.<br><br>- Сулуу кыз жөнүндө.<br>- Думана жөнүндө.<br>- Табып жөнүндө.<br>- Байчечекей жөнүндө.<br>- Окуучулар тексттен далилдеп цитата келтиришет.<br>- Окуучулар, ар бир топ, өз аткарган иштеринин натыйжаларын кандай жолдор менен көрсөтө ала тургандыгын топтордо кеңешип, тапшырмаларынын | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | тургандыгы туурасында маалымат берет.<br>Аларга:<br>• Плакат;<br>• Иллюстрация;<br>• Жазуу иши (тексттин түрлөрү: сүрөттөө, билдирүү, ой жүгүртүү, ишендирүү)<br>• Инсценировка (сахналаштыруу) драма;<br>• Графикалык уюштуруучу.<br>• Же окуучулардын демилгеси менен башка нерселер.<br>- Мугалим ар бир топко жекече көңүл бурат.<br>- Аткарган иштерин жактатат. | үстүндө иштешет.<br><br>- Окуучулар чыгармачылыгын жазуу жүзүндө, сүрөт тартуу боюнча, чыгармадагы каармандарды тууроо жүзүндө өздөрүн эркин сезүү менен иш алып барышат.<br><br>-Ар бир топтон бирден окуучу чыгып, иштерин презентациялашат. | НК1<br>НК2<br>НК3 | ПК1<br>ПК2<br>ПК3 |
| 5. | Топтук баалоо. | 2 мин | -Доскада чапталган быйтыкчалардын, гүлдөрдүн жардамы менен баалатат. | - Ар бир топтон бирден окуучу чыгып топтордун иштерин баалашат. | | |
| 6. | Жыйынтыктоо. | | Кайтарым байланыш жүргүзөт<br><br>- Бүгүнкү сабак силерге жактыбы?<br>- Эмнелерди билдиңер?<br>- Уламыштагы окуяларды, азыркы биздин реалдуу жашоодо колдонууга болобу?<br>«Бай»<br>«Чечекей» – деген сөздөрдөн эмне деген пайда болуптур? | - Балдардын болжолдуу жооптору:.<br>- Байчечекейдин тарыхын билдик.<br><br>- Байдын жалгыз кызын айыктырган гүл болгондуктан, элдер аны: «Байчечекей» - деп атап калышыптыр. | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Үйгө тапшырма | 1 мин | - Азаматсыңар!<br>Эң сонун!<br>Кыргыз эл акыны Т.Самудиновдун «Байчечекей» ырын жаттап келишет.Сүрөт тартышат. Кыскача баяндама жазышат. | Сүрөт тартуу.<br>Баяндама жазуу. | | | |





